Мукамбетова А.С.

КМЮА

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ИННОВАЦИЯЛОО ЖАНА АНЫН БАЗАСЫНДА БАШКА БИЛИМДЕРДИ ИНТЕГРАЦИЯЛОО ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Азыркы окуу процесси айкындап көрсөтүп жаткандай, окутуу иштеринде жүрүп жаткан ар бир кыймылдын аракети окуучу менен мугалимдин карым-катышында, алардын бирин-бири толуктап турган чыгармачыл түйшү-гүндө аныкталуучу сабактын мазмуну менен өлчөнүп, билим да мына ушул коммуникативдүү байланыш аркылуу жете тургандыгын кыргыз тилчи мугалимдери этибар албай келет. Тактап айтканда, окуу процессинин мазмуну да ал жетишкен ийгиликтин өзү да *билим берүү мекемесиндеги предметтерди интеграциялаган сабакта* көрүнөт. Ошондой эле сабак атайын убакыт менен өлчөнгөн, белгилүү бир теманы балдарга түшүндүрүүгө максаттанган окутуу бирдиги гана эместигин, азыркы мезгилде окуу процессиндеги билимге багыт алган бардык жетишкендиктер менен кемчилдиктерди да даана көрсөтүүчү субъектилердин кызматта-шуусу экендигин да танууга болбойт. Демек, *бул сабактын усулу, анда колдонуучу ыкмалар, ар бир чыгармачыл мугалим балдарга өзү билген билимди жеткирүүнүн формалары гана бол-бостон,* анын мазмунун да, б. а., *окуучу өздөштүрүп ала турган бардык предметтер боюнча билимди* дал ушул кыргыз тили сабагы аркылуу *интеграциялоо* да болуп саналат.

Натыйжада, кыргыз тили сабагы белгилүү бир грамматикалык эрежени жаттоо эмес, ар бир окуучунун жадында сактала турган, акыл сезиминде баалуулукка ээ болгон кайсы предметте болбосун билимди, деги эле анын кандай мазмунда калаарын өзүндө сактоо жана жеткирүү, аны кандай шартта пайдалана билүү мүмкүнчүлүгү толугу менен тил каражаттары аркылуу ишке аша тургандыгын билдирүүсү анын адам турмушундагы ордун так-таасын көрсөтүп бермекчи. Антпесе, азыркы шартта окуучу алып жаткан кыргыз тили предметиндеги «билим» сабак учурунда грамматикалык эреже катары «керек-телип», анан танапис болуп сыртка чыкканда «класстын каалгасынын жабылышы менен кошо жабылып», унут калган «касиетинен» жогорулай албай тургандыгы даана көрүнөт. Ар бир өтүлүп жаткан предмет окуучуга кыргыз тили аркылуу жетип, андан ары күнүмдүк турмушунда дал ошол тилде «керектелип», ал ар бир окуган сабагын эне тили – кыргыз тилинде түшүнүп, турмуш-тиричилиги менен кыргыз тилиндеги сөздөр жана терминдер аркылуу байланыштырып, андан ары улап, өз алдынча ой корутундуларына келип, өзүнүн аң-сезимине, дүйнө таанымына ылайык «ачылыштарды» ушул тилде жасап жатканын мугалим окуучуга жеткириши кыргыз тили сабагынын интеграцияланышын шарттап турат. Мектептен тышкаркы учурларда баланын факты-материалдар боюнча ой жүгүртүүгө аргасызданууусунда кыргыз тилинин ролу канчалык экендигин айкындоо, кыргыз тилин башка предметтер менен интеграциялоо маселеси бүгүнкү окуу процессине коюлган башкы талаптардын бири гана болбостон, ал мугалимдин сабакта ийгиликке жетишүү максат-тарынын башкысы да болууга тийиш экендигин көрсөтүүдө.

*Бул талаптар аткарылып, кыргыз тилиндеги интеграцияланган сабак ийгиликке жетиш үчүн мугалим эмне кылыш керек?* Ырас, бул суроого карата иштелип чыккан бир түрдүү жооп жок, тескерисинче аталган маселеге канча адам кайрылса, ошончо жооп болору бышык. Практика көрсөтүп жаткандай, сурамжылоо анкеталарына берилген жооптор *бул маселени чечүү үчүн окуу процессин маалымдуулук менен шыкап, окуучу канчалык көп маалымат алса, ошончолук билимдүү жана интеллек-туалдуу болот деген ой-пикир менен жашагандар арбын* экендигин ырастады.

Же, тескерисинче, *окуу процессин өтө жеңилдетип, анда берилип жаткан маалыматты азайтып, оюн-зоокко айландырып, ал эми өздөрүнүн мындай аракетин балдардын психологиясына «жакын-дашуу» катары* карагандар жооп бергендердин арасында жок эмес экендигин эскерте кетели. Ырас, берилген жооптор көрсөткөндөй, *алардын ар биринин өзүнчө артыкчылыктары болгону менен,* эч бири азыркы окуу процессиндеги *интеграцияланган сабактын* толук мазмунун берүүгө жетишсиздик кылып, дегинкиси баланын өздөштүрүүсүндө интеграция-лоонун зарылдыгы жана негизги жетишкен ийгилиги эмнеде болооруна так жооп бере алышкан эмес.

Мында мугалимдердин көпчүлүгү дале сабакка берилген мурдагы аныктамалардан чыга алышпай, натыйжада, баланын сабактан алган маалыматын турмушу менен байла-ныштырып, өз алдынча кызыкчылыгы ойгонуп өркүндөтүп кетүүсү шарт түзүп бере ала турган жагдайларына жете түшүнө албагандыктан келип чыгып жаткандыгын танууга болбойт. Алардын элестөөсүнө караганда, кыргыз тили сабагы кыргыз тилинин грамматикалык эрежелерин үйрөтө турган гана предмет катары кабыл алынууда. Ал эми андай мазмунга ээ сабакта берилип жаткан окуу материалын баа үчүн жаттап, качан керектүү баасын алгандан кийин таптакыр унутуп калган окуучулардын аракетин эскерсек, анда аталган сабакта мугалим менен окуучунун, б.а., эки тараптын тең ийгилиги анча эместиги же көңүл жылытарлык болбой жаткандыгы көз алдыга тартылат. Кыргыз тилинде сабакты интеграциялоо мына ошондой жадатма сабактардан алыс болуп, азыркы окуу процесси айкындап көрсөтүп окутуу иштеринде жүрүп жаткан *ар бир инновацияга кыймылдын аракети окуучу менен мугалимдин карым-катышында, алардын бирин-бири толуктап турган чыгармачыл түйшүгүндө аныкталуучу сабактын мазмунуна* барып аныкталышы керек болууда. Тактап айтканда, окуу процессинин мазмуну ар бир окуучунун кыргыз тили боюнча грамматиканы өздөштүргөндүгүнө байланыштуу эмес, аны башка өзү кызыккан предметти үйрөнүүнүн булагы катары кабылдоо менен жетишкен ийгилигинин өзү экендигин кыргыз тили сабагы аркылуу таануусуна ээ болуудан көрүнүүгө тийиш.

Ошондо сабак атайын убакыт менен өлчөнгөн, белгилүү бир теманы балдарга түшүндүрүүгө максаттанган окутуу бирдиги гана эмес, азыркы мезгилде окуу процессиндеги бардык жетишкендиктер менен кемчилдиктерди да даана көрсөтүүчү объективдүү критерий экендиги башкы орунга чыгат. Демек, кыргыз тили боюнча ар бир чыгармачыл мугалим сабактын усулун, анда колдонуучу ыкмаларды, балдарга өзү билген билимди жеткирүүнүн формаларын ойлонгондо анын маз-мунунда интеграциялоо жаткандыгын да, б.а., окуучунун башка предметтерге карата кызыкчылыгы менен ал предметте өздөштүрүп ала турган билимге таянуу менен мамиле кылуусу керек экендиги даана көрүнүшү керек. Башкача айтканда, мугалимдин жадын-да, акыл сезиминде, андан келип чыккан сабактын мазмунунда кыргыз тилин башка предмет менен интеграциялоо жана аны кандай шартта пайдалана билүүсүнө үйрөтүү иш-чаралары көз алдынан өтүп турушу зарыл сыяктанат. Кыргыз тили боюнча ар бир өтүлүп жаткан сабак баланын сүйгөн предмети менен интеграцияланып, натыйжада, окуучунун күнүмдүк турмушунда керектелип, андан ары сунушталган билим баланын турмуш-тиричилиги менен байланыштырып, өздөштүрүү кызыкчылыгын пайда кылуу менен өз алдынча ой корутундуларга келип, өзүнүн аң сезимине, дүйнө таанымына ылайык «ачылыштарды» жасап, сабак-тан тышкаркы учурларда ал факты-материалдар боюнча ой жүгүртүүгө аргасыз абалды жарата тургандыгы ачык байкалат.

Антпесе бүгүнкү күндө бала кыргыз тили сабагында алган маалыматын турмушу менен байла-ныштырып, өз алдынча кызыкчылыгы ойгонуп өркүндөтүп кетпестен, сабакта берилип жаткан окуу материалын унут калтырууда. Мындай көрүнүштүн себеби эмнеде экендигин аныктай келгенде, биринчи кезекте, орто мектепте окутулуп жаткан ар бир предметти бала өз-өзүнчө түзүлгөн окуу программасына негиздеп кабыл алгандыктан, *алардын ортосунда турмуштун өзүндөгүдөй байланышты сезбей,* алардын ар бирин өздөштүрүүгө багыт алган бала кыргыз тилинин коомчулуктагы ролун башка предметтер менен *айкалыштырып түшүнө* албай жатат. Ал эми кыргыз тилин башка предметтер менен интеграциялоо предметтин баары бала жашап жаткан күнүмдүк турмуштун бир атрибуту экендигин, мектепте окутулуп жаткан предмет

ошол күндөлүк тиричиликти гана жакындан өздөштүрүүгө көмөк-төшүүчү негизги база болорун азыркы окуучуларга түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Орто мектепте иштеп жаткан кыргыз тили мугалимдери коомчулуктун алдында турган мындай кыйынчылыкты жоюу үчүн сабактарда тигил же бул ыкманы көрсөтүү менен эмес, окутуп жаткан окуучусу ал предмет аркылуу өзү жашап жаткан коомчулукту канчалык деңгээлде таанып, ал предметти пайдалануу менен өз турмушунда кандай ийгиликке жетишкендигине шарт түзүп берүүчү интеграцияны пайдалануу зарылдыгы турат.

Антпесе, азыркы окуучу предметти турмушунда керектей турган билим катарында эмес, орто мектепте окутулуп жаткан окуу объектиси катары мамиле кылуу менен чектелүүдө. Окуучулардын мындай мамилесин жоюп, ар бир окутулуп жаткан предметке эртең керектелүүчү билим катары мамиле кылууга жетишүү бул ага карата мугалимдин аракетин жаңылоо макса-тын гана көздөбөстөн, орто мектепте окутулуп жаткан предметтерди кадим жашоо-тиричиликтин өзүндөй бир бүтүн түшүнүккө концентрациялоо керектигин көрсөтүүдө. Ырас, аталган маселе педагогикада буга чейин деле каралып, чынында ал дидактикалык маселелерге байланыштырылып айтылып келе жат-кан болсо, эми аны *конкреттүү сабакка, болгондо да анын формасы менен мазмунуна айкалыштырып, интеграци-яланган комплекстүү иш-чараларды аткаруу менен чечүү* керек болууда [1].

Сабакты интеграциялоо окутуунун жаңычыл формасын издөө эмес, тес-керисинче, бүгүнкү күн үчүн маанилүү болуп турган, белгилүү убакыт менен өлчөнүп жаткан конкреттүү сабактын ордун аныктоо, ар бир сабак турсун, ар бир предметтин турмушка керек жагдайларынын орду канчалык экен-дигин айкындоо касиети тургандыгы ачык көрүнмөк. Болбосо, он бир жыл окуп, сабаттуу жазып, өз оюн эркин түшүндүрө албаса эне тил сабагынын, орто мектепти аяктап, *алуу, кошуу, көбөйтүү, бөлүү* амалдарын билбей турмушта керектелип жаткан матема-тикалык төрт амалды аткара албай калькуляторго көз каранды болгон адамга математиканын эмне кереги бар деген негиздүү суроо коюлат. Мындай суроону мына ушул предметке гана арнап, калгандарын четке калтырууга болбойт, б.а., ар бир предмет боюнча дал ушул суроону берип жооп күтүүгө болот. Ырас, коомчулук талап кылган деңгээлде аткара албаса да, бүгүн коомчулуктун алдында турган мындай проблеманы чечүүнүн жолдорун издөө, өзгөчө, «билим берүү тармактарын учурдагы абал менен айкалыштыруу зарылдыгын сабактарды же окучу-лардын алган билимдерин интегра-циялоо аркылуу» [2] белгилүү өлчөмдө мүмкүн экендиги байкалат.

Минтип сабакты интеграциялоо аракети билим берүү тармактарына жаңылык киргизүү максатынан, же болбосо, окутулуп жаткан предметтерде «ачылыш жасоо» көз карашынан эмес, берилип жаткан убакытты туура пайдаланып, келечек муундарга керек-түү билимди берүү аргасыздыгынан жаралып отурат. Буга объективдүү себеп бар, алардын бири - коомчулукта *маалымат берүүчү бардык тармактар азыр бардык тарабынан интеграция-ланып, мезгилдүү басма сөз, радио уктуруу, телекөрсөтүүнүн бардыгы азыр өзүнүн тематикалык-специфи-калык тар чөйрөсүнөн чыгып,* бардык окурманга, угарманга же көрүүчүгө бирдей жеткирүүгө, алардын ар биринин кызыкчылыгын айкалыштыра келип бир бүтүн коомдук көрүнүшкө жетүүгө аракет кылганын мисал келтирсек, андай көрүнүштү азыркы коомчулукка билим берүүчү тармактарга салып карасак, анда орто жана жогорку билим берүү маалымат берүүчү тар чөйрөсүнөн чыгып, учурга таандык билимди жаш-тарга берүү аракети менен алектенүүсү керек экендигин байкайбыз.

Эгерде учурда радиоуктуруудан, телекөрсөтүүдөн жана мезгилдүү басма сөз каражаттарынан маалымат алуучу-лардын негизги катмарын балдар же мектеп окуучулары түзө тургандыгын эске алсак, анда өткөн кылымдын 60-80-жылдарына таандык окутуу формалары менен куралданган билим берүүнүн эски стилдерин азыркы мезгилдеги балдар-дын кабылдоо кызыкчылыктарын канааттандыра албай жаткандыгын реалдуу турмуштук көрүнүштөр менен мектепте өтүлүп жаткан сабактарды салыштыруу менен баамдоого болот. Мындай көрүнүш орто мектепте өтүлүп жаткан ар бир *сабактын мазмунун турмушту таанып билүүчү когнитив-дүү формага ээ кылуу менен сабактын формасын креактивдүүлүккө өткөрүү зарылдыгын* ачык көрсөтүүдө. Экин-чиден, учурда билим берүү дүйнөлүк билим берүүнүн интеграциясын пайдалануу максатын көздөйт, б.а., *мектеп ишин инновациялоодо сөзсүз уюштуруу жана билим берүү системасы көп убакыттан бери түзүлүп калган проблемаларды курри-кулум идеясы менен ассоциациялоо керектигин* көрсөтүүдө. Чындыгында эле *дүйнөлүк билим берүүнү алдыга жылдырган куррикулум идеясы* башка предметтердей эле кыргыз тилин да *эмне жана аны кантип*

*концепциялаш-тырууга* мүмкүнчүлүк берет. Учурда дүйнөлүк билим берүү иштерин алдыңкы сапка алып чыгып жаткан *куррикулум идеясынын тамыры* - байыркы Греция арабаны туура жолго салып айдоо – *турмушта анык белгилүү жол менен жүрүү идеясынын* өтмө маанисинен алынган. Ал эми түз маанисинен алганда, *бул келечек муунду туура жолго салуу*, бараткан курстун тууралыгын билдирет. Тактай келсек, латынчасында «куррикулум» жарышкан арабалардын туура жана түз жолдо бараткан маанисин берүүчү «currere»- «чуркоо» дегенди түшүндүрөт [3].

Мектепте билим берүүнү инновациялоо, б.а., куррикулумдун буга чейинки өнүккөн өлкөлөрдө мектепте колдонулуп келген практикасы жана теориясынан пайда болгон жыйынтыктарын Кыргызстанда колдонуу идеясы менен коштолот. Анткени куррикулум идеясында инновациялоо - мектепте башкы билим берүүнү интеграциялоо - окуу предмети менен сабактын мазмунундагы турмушка керектүү идеяларды айкалыштыруу жана андагы баалуулуктарды таанууга үйрөтүү болуп саналат.

Анда маанилүү орунга ээ болуп жаткан идеяларга анализ жасай келгенибизде төмөнкүлөрдү байкоого болот:

1. Куррикулум мектептеги предметтерден биринен-бирине өтүүчү билим катары көрүнөт.

2. Куррикулум бул окуучулардан бардык предметтер боюнча белгилүү бир жыйынтык алуунун аракети, б.а., эң акыркы жемишин берүүнү шарттайт.

3. Ошондуктан куррикулум процесс катары мектептеги окуу аракетин толугу менен бир бүтүн системага алып турат. Ал бардык предметтердин ортосун байланыштырып турган өзгөчө катары карата мүмкүндүк түзөт

4. Ошол себептен куррикулумду орто билим берүүгө максаттанган жалпы жыйынтыкка жетүүнүн практикасы катары кабылдоо зарылдыгы турат.

Бул куррикулумдун теориясы менен практикасын жакындатып, байыркы мезгилден бери орун алып келе жаткан Аристотелдин билим берүү концепциясына алып келет. б.а., бардык предметтерди жалпы карай турган бүтүн бир категорияны пайда кылат.

**Адабияттар:**

1. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии // Народное образование, 1998, 73-78-беттер

2. Саалаев Ө. Окутуунун ин-терактивдүү усулдары. –Б., 2009, 28-110-беттер.

3. Кыргыз Республикасындагы жалпы орто билим берүүнүн Алкактык (Рамочный) Улуттук куррикулуму (Долбоор). - Бишкек, 2008, 11-бет.